
# Таштандылар аралы



Автор: Айжылдыз Тойчиева

Сүрөтчү: Айзуура Бакалова

# Таштандылар аралы

Автор: Айжылдыз Тойчиева
Сүрөтчү: Айзуура Бакалова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган


http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Таштандылар аралы» (кыргыз тилинде), автор Айжылдыз Тойчиева, сүрөтчү Айзуура Бакалова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

Эки дос Арген жана Саадат “САН Плэйн-1” деп аталган күн энергиясы менен жүрүүчү учакта саякатка чыгышты. Эбегейсиз чоӊ океандын үстүнөн өтүп баратып, белгисиз бир аралга туш болушту. Аралда кооз табият же кызыктуу жаныбарлар болсо сүрөткө тартып алабыз деп ойлошкон. Тилекке каршы, арал ушунчалык башаламан жана көрксүз эле. Тоодой үйүлгөн таштандылар гана көзгө урунат.





– Өф-ий! Эмне мынча жагымсыз жыт? – деди Саадат мурдун жаап.

Аңгыча шамалдын ыргагында учуп келген кир кагаз Аргендин бетине жабылып калды. Аны алып салып алдыга жүрмөк болду эле, желим бөтөлкөнү “карс” эткизе тебелеп алды.

– Ой! Абайласаң боло?! – деди желим бөтөлкө майрыйып калган боорун кармап, анан башынан ыргып кеткен капкагын издей баштады.



Балдар көргөн көзүнө ишенбей айраң-таң. Бул убакытта кандайдыр ызы-чуу үндөр угулду.

– Мында эмне болуп жатат? – дешти балдар.

– Аа, көңүл бурбай эле койгула. Таштандылар кайрадан талашып-тартышып жатышса керек. Бизде бул көнүмүш адат, – деди желим бөтөлкө таап алган капкагын аарчып-тазалап кийип жатып.


– Эмне болгон талаш?

– Себебин сураба, жылда бул аралга деңиз аркылуу миңдеген таштандылар агып келип кошулат. Барган сайын бир жерге батпай, талаш ошондон чыгып жатпайбы.

Ызы-чуу токтогон жок. Саякатчы балдар жакындан көрүүгө барышты.

– Жоголбостор, уккула! Силердин айыңардан арал толуп баратат, калдайып бүт жерди ээлеп алдыңар? – деди айнек сыныктары пластиктерге кайрылып.

– Силер да бизден кем калышпайсыңар, Тиштүүлөр! Сынык-сунугуңардын айынан тилинбеген бүтүн нерсе калбады, – деп жооп кайтарды пластиктер.



Буга желим баштыктар менен медициналык бет каптар да кошулуп, дуу түшүштү.  Бир убакта кагаздар:
– Бул Чириндилердин жытынан кантип арылабыз, ыя? Аралдан чыгып кетишсин! – дешти.
Уруш ого беттер күчөп бири-биринин аралдан чыгып кетүүсүн талап кыла башташты.





Саякатчы балдар алардын көйгөйүн тезинен чечүү керектигин түшүнүштү. Таштандылардын талашын токтотуу үчүн чара көрбөсө болбойт.

– Токтогулачы! – деп кайрылды аларга Арген.

Баары бир саамга тынчый түштү.


– Силер кимсиңер? – деп таң кала сураштты балдарды көрүп.

– Биз силерге жардам бере алабыз, – дешти Арген менен Саадат.

– Кантип?

– Силер кайрадан жаңы буюмга айланышыңар мүмкүн.

Таштандылар ого бетер кызыга караштыт.





– Ал үчүн өз-өзүңөрчө бөлүнүшүңөр керек. Мисалы, Жоголбостор бир тарапка өткүлө.

Пластиктер бир жерге топтолушту. Артынан тиштүү айнектер келип ирети менен жайгашышты. Андан соң кагаздар өз ордун табышты. Бири-бирине зыяны тийбей, бөлөк туруп калгандарына абдан кубанышты.

Эң акыры келген Чириндилер бир аз уялып:

– Биздин да адамдарга пайдабыз тиеби? – деп сурашты.





– Албетте, силерди кайра иштеткен соң жер семирткичтерге айланасыңар. Аны дыйкандар жерге сээп койсо, жашылча-жемиш жана дан эгиндери жакшы өсөт.

Өзүлөрүн дайым керексиз деп эсептеген Чириндилер мындай сөздү укканда кубангандан секирип жиберишти.

Ошентип аралда тынчтык, иреттүүлүк орноду.

Таштандылар экинчи өмүрүн сүрүүгө даяр эле...



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Айжылдыз Тойчиева
Сүрөтчү: Айзуура Бакалова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли